
# Смс



Автор: Анара Ажынаева

Сүрөтчү: Темирлан Абылов

# Смс

Автор: Анара Ажынаева
Сүрөтчү: Темирлан Абылов

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Смс» (кыргыз тилинде), автор Анара Ажынаева, сүрөтчү Темирлан Абылов

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



– Салам, апа, иштериңиз кандай? – деди бөжөк апасына.

– Салам, уулум, жакшы окуп келдиңби?

– Жакшы, апа! Бүгүн математикадан “беш” алдым!

– Азаматсың, уулум!

– Дагы кандай жаңылыктар бар?

– Апа, бизде Арстан байкем баласына тушоо той берди.

– Тушоо тойдо сен да чуркадыңбы?

– Ооба, мен, Бөлтүрүк, Бачики, Чаарчык болуп жарыштык.

– Биринчи Чаарчык, экинчи мен келдим.

– Азаматсың! Кандай белек алдың?





– Чаарчыкка топ, мага  машина берди. Билесизби, апа, Бөлтүрүк менен Бачики Чаарчыкты коркутуп тобун тартып алышты. Бир жанга айтчу болсоң токмок жейсиң деп коркутушту. Чаарчык чоңдорго айткандан коркту. Мен болсо коркпой, Аюу байкеме айтып койдум.

– Ии, анан?

– Анан Аюу байкем баарыбызды чакырып, чогуу ойнотту.



– Кандай оюн экен?

– Топ менен ойногон көп оюндардын түрүн көрсөтүп берди.

– Топту талашпай чогуу ойногула, бирге ойносоңор кызыктуу болот, – деп айтты. – Анан Бөлтүрүк менен Бачики Чаарчыктан кечирим сурашты. Биз топ менен кечке  кызыктуу оюндарды ойнодук.

– Аюу байкең туура айтат, достор менен дайыма ынтымактуу болуш керек.




– Иш сапарыңыз качан бүтөт?

– Эки күндөн кийин келем.

– Сиз барган өлкө кооз бекен?

– Ооба, абдан кооз экен. Сага сонун китеп алып келем.



– Анда мен досторум менен чогуу окуймун.

– Апа, жакшы эс алыңыз.

– Көрүшкөнчө, бөжөгүм!







КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Анара Ажынаева
Сүрөтчү: Темирлан Абылов

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли